**8- класстар үчүн А.А.А.____________________________ классы _______________**

**I вариант . Кыргыз тили**

**1.** Эриндүү үндүүлөр катышкан сөздү белгиле.

а) балык б) күчүк в ) балапан г ) жылдыз д) элик

2. «январь» деген сөздө канча тамга , канча тыбыш?

а) 6 тамга, 6 тыбыш б) 6 тамга, 5 тыбыш

в ) 6 тамга, 4 тыбыш г ) 5 тамга, 5 тыбыш

д) 6 тамга, 7 тыбыш

3. -------- таразасы калыстык, ------------ калыстыкты урматтай билели.

Бош орундарга кайсы сөздү ирети менен жайгаштырсак, сүйлөмдү туура түзгөн болобуз?

а) жокчулук/ себеби б) ыңгайлуу/ошондуктан в ) турмуштун / андыктан г ) мамиле/же болбосо д) ан-сезимдин/чөнтөктөгү

Жообу : в)

4. Айрым япон акындарынын чыгармаларын окубай эле карап турсаң андан гүл көрүнүп жаз жыттанат.

Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм бар?

а ) 1 б ) 2 в) 3 г) 4 д)5

5. Бул сүйлөмдөрдүн кайсынысы ой жүгүртүүгө мисал боло алат?

а) Анын сөзүнөн бабалардан келаткан накыл, каада-наркынакылмандыгын байкоого болот.

б) Биз китепкананын алдыңкы кабатына түшүп, көп китептерди алдык.

в) Ушундай жөнөкөй адам экендигин айтып, эл арасында сыймыктанып турду.

г) Акыркы жылдары басмадан жаш акындардын ырлары жарык көрө баштады.

д) Нарындын түштүк жагы бийик келет, анда Аламышык тоосу бар.

**8- класстар үчүн А.А.А.____________________________ классы _______________**

**II вариант . Кыргыз тили**

**1. Эриндүү үндүүлөр катышкан сөздү белгиле.**

а) китеп б) дарактар в ) суучул г ) ынтымак д) тартип

2. «Баялинов» деген сөздө канча тамга , канча тыбыш?

а) 8 тамга, 8 тыбыш б) 8 тамга, 9 тыбыш

в )8 тамга, 7 тыбыш г ) 8 тамга, 10 тыбыш

д) 8 тамга, 10 тыбыш

3. -------- ачкычы эмгек, ------------ эмгектенүүдөн чарчабайлы.

Бош орундарга кайсы сөздү ирети менен жайгаштырсак, сүйлөмдү туура түзгөн болобуз?

а) азаптын/ себеби б) жашоонун/анткени

в ) жалкоонун / тескерисинче  г ) жамандыктын/же болбосо
д) ийгиликтин/ошондуктан

4. Акынды жакшылап түшүнүш үчүн анын ырларын окуйсун нур чачкан ыр саптарын көзүн түшөт көкүрөккө түйөсүн. Татаал сүйлөмдүн курамында канча жөнөкөй сүйлөм бар?

а ) 1  б ) 2  в) 3  г) 4  д)5